УДК:372.3 /4:371 (37.01)

**Толубай к. К.**
*аспирант Кыргызско-Узбек. Межд. универ. им. Б.Сыдыкова, Кыргызская Республика*
**Рысбаев С.К.**
*д.п.н, профессор Кыргызской академии образования, Кыргызская Республика*
**Шерботоева Д.М.**
*магистр Кыргызско-Узбекского Межд. универ. им. Б.Сыдыкова, Кыргызская Республика*

## МЕКТЕПТЕРДИН БАШТАЛГЫЧ КЛАССТАРЫНДАГЫ ОКУУЧУЛАРДЫН ОКУУ ТЕХНИКАСЫ

*Бул жумушта изилдөөнүн предмети башталгыч мектептердин «Алиппе» мезгилиндеги сабат ачуу жана «Алиппеден» кийинки мезгилдеги окутуу жараяны болуп эсептелет. Изилдөөнүн максаты - сабатка үйрөтүү менен сөз өстүрүү, мектептердин башталгыч класстарындагы окуучулардын окуу техникасы жакшыртуу. Изилдөөлөрдө адабияттарды талдоо, тексттерди анализ-синтездөө жана тыбыштык талдоо-жыйноо, окутуу усулдары колдонулду. Башталгыч класстын окуучулары «Алиппе» мезгили жана алиппеге чейинки мезгилде окуу техникасын үйрөнүү менен тамга сөздүк сүйлөм тыбыштарды тааный алары белгиленди. Окуганын бала түшүнүүсү, андан кийин анын эмне жөнүндө экендигин үстүрттөн, кийинки мазмунуна үнүлүп айтып берери көрсөтүлдү. Окуу техникасына үйрөтүүдө туура көндүмгө ээ кылуу үчүн ар турдүү ыкмаларды колдонуу талап кылынат, тыбышта баланын турмушуна, түшүнүгүнө ылайыктуу, тилине жатык, так айтылуучу сөздөр пайдаланылды. Мындагы алгачкы милдет тыбыштык анализ жана синтез методун колдонуп, аны ишке ашыруу болуп саналат. «Алиппе» мезгили, тактап айтканда, тыбышты угуп, тамганы таанып-билүү мезгили, сабатка үйрөтүүнүн негизги этабы катары каралат. Анткени бул учурда окуу-жазуу иштери менен катар, сөзсүз түрдө, окуучулардын физиологиялык жана психологиялык мүмкүнчүлүктөрүн эске алуу менен жекече мамиле кылып окутуу багыты каралган. Изилдөөлөрдө алынган жыйынтыктар орто мектептерде колдонууга сунушталат.*

***Негизги сөздөр:*** *башталгыч мектеп; алиппе мезгили; алиппеден кийинки мезгил; окуу техникасы; окууга үйрөтүү; текст менен иштөө; сөздүн тыбыштык курамы.*

## ОБУЧЕНИЕ УЧАЩИХСЯ К ТЕХНИКЕ ЧТЕНИЯ В НАЧАЛЬНЫХ КЛАССАХ

*Предметом исследования в данной работе является процесс обучения к грамоте в «Букварный период» и «Послебукварного периода» в начальных школах. Цель исследования - развитие речи, совершенствование техники чтения путем обучения грамоте. Использовались методы анализа литературных источников, анализа-синтеза текста и звуковой анализ-сбор. Отмечено, что учащиеся начальных классов могут распознавать звуки буквенного словарного предложения, изучая технику чтения в «Букварный период» и «Добукварный период». Показано, что ребенок понимает прочитанное, а затем поверхностно рассказывает о чем идет речь, а следующее содержание рассказывает вслух. Предложено, что для приобретения правильных навыков обучения технике чтения необходимо использовать различные методы, используются слова, подходящие для жизни и понимания ребенка, четко произносимые, знакомые и привычные его языку. Выявлено, что первостепенная задача — реализовать его методом звукового анализа и синтеза. «Букварный период», то есть период прослушивания звуков и узнавания букв, является основным этапом обучения. Предложено, что с учебно-письменной работой обязательно предусматривать индивидуальный подход к обучению с учетом физиологических и психологических возможностей учащихся. Полученные результаты исследований рекомендуются для начальных классов средних школ.*

***Ключевые слова:*** *начальная школа; алфавитный период; послеалфавитный период; техника чтения; обучение чтению; работа с текстом; фонетический состав слов.*

## EDUCATION STUDENTS TO THE TECHNIQUE OF READING IN PRIMARU SCHOOL

*The subject of the research in this paper is the teaching of literacy in the «Letter period» and the learning process of the «Post-Letter period» in primary schools. The purpose of the study is to develop speech, improve reading techniques by teaching literacy. The methods of teaching literary analysis, text synthesis analysis and sound analysis-collection were used. It was noted that primary school students can recognize the sounds of a literal vocabulary sentence by studying the technique of reading in the «Letter period» and «Pre-Letter*

*period». It was shown that the child understands what he has read, and then superficially tells what is being discussed, and tells the following content aloud. To acquire the right skills of teaching reading techniques, it is necessary to use various methods, words are used that are suitable for the life and understanding of the child, clearly pronounced and familiar to his language. The primary task here is to implement it by the method of sound analysis and synthesis. The «Letter period», that is, the period of listening to sounds and recognizing letters, is the main stage of learning. Because in this case, along with educational and written work, an individual approach to learning is necessarily provided, taking into account the physiological and psychological capabilities of students. The results obtained in the research are used in secondary schools.*

***Key words:*** *elementary school; alphabetical period; postalphabetic period; teaching methods; teaching reading; working with text; sound composition of words.*

Баланын мектепке келгендеги колуна алган биринчи китеби «Алиппе» болгон соң, 1-класста бул китептен сабат ачып жана эли-жерин таанууга үйрөнөт. Китепти колуна алган ар бир бала билим алуунун алгачкы куралы болгон бул китепке сүйүүсү артат жана китептин балуулугун, ыйыктыгын сезе баштайт. Демек, окуу, билим алуу, эл-жерин таануу, улуулардын жолун жолдоо, аны улантуу эл- жерине кызмат кылуу, мектепти кыдырлоо, кирген классына, отурган партасына тартылуу, мугалимди урматтоо деген эмне экенин түшүнө алат. Мугалимдин да, мектебинин да эли-жеринин да алдыдагы жоопкерчиликтүү жашоого кадам таштаганын туя баштайт. «Алиппедеги» чакан тексттерди окуу менен, окуучулардын окуу техникасы өзгөчө кылдаттык менен көзөмөлгө алынат. Окуу техникасына көнүгүүнүн биринчи этабында окуучунун ар бир кадамына абдан көңүл бурулат, анткени дал ушул мезгилде окуу темпи калыптана баштайт. «Алиппе» мезгили, тактап айтканда, тыбышты угуп, тамганы таанып-билүү мезгили, сабатка үйрөтүүнүн негизги этабы болуп саналат. Бул мезгил сабат ачуунун негизги этабы катары эсептелгендиктен, баланын сабатынын ачылышында мугалимге чоң милдет жана түйшүк жүктөлөт. Анткени бул учурда окуу-жазуу иштери менен катар, сөзсүз түрдө, окуучулардын физиологиялык жана психологиялык мүмкүнчүлүктөрүн эске алуу менен жекече мамиле кылып окутууну колдонушу зарыл.

«Алиппе» мезгилинин биринчи баскычында практика жүзүндө жөнөкөй айтылуучу үндүү-үнсүз тыбыштардан 1-2 муундуу сөз куратып айттыруу, тыбыш жана тамга менен тааныштыруу, аларга колун көнүктүрүп, каллиграфиялык сабаттуулугун түптөө, муундарды жана сөздөрдү жаздыруу жумуштары жүргүзүлөт. Мындагы алгачкы милдет тыбыштык анализ жана синтез методун колдонуп, аны ишке ашыруу болуп саналат. Тамгаларды үйрөтүү сөз түзүү жана сөз өстүрүү ыкмалары менен бирдей жарыш аткарылат. Тыбыштарды жана тамгаларды үйрөтүүдө анализ-синтез методунун негизги өзгөчүлүктөрү төмөнкүлөр: анализ – синтез бул аналитика -синтетикалык метод боюнча окутуунун негизи болдуп саналат. Сабат ачууда, алгач ирет бала эне тилдин тыбыштары менен тааныша алат. Ошондой эле кептен сүйлөмдү, сүйлөмдөн сөздү, сөздөн муунду, муундан тыбышты ажыратууга үйрөтөт. Булар анализ-синтез методунун негизги бирдиктери катарында каралат [1]. Баланы окууга үйрөтүү иши муундап окутуудан башталат. Сабат ачуу сабактарында эң негизги милдеттердин бири болуп, балага тыбыштардын так угулушун байкатуу, тактап айтканда, балдардын фонематикалык кабыл алуусун калыптандыруу болуп эсептелинет. Анда окуучулар кептеги тыбыштардын угулушун бири-биринен ажырата билүү менен бирге алардагы үнсүздөрдүн жумшак жана каткалаң, үндүүлөрдүн кыска жана созулуп айтылышын так, даана уга билүүлөрү тийиш. Кесме тамгадан сөз курап, анын канча муундан түзүлгөндүгү жана ар бир мууну канча тыбыштан турганы талдоого алынат. Андан кийин ал сөздөрдү муун боюнча туташ окууга көнүктүрүү иши уланат. Ошондуктан сабат ачуунун бул алгачкы методу аналитика-синтетикалык метод деп аталат. Сабат ачуу сабактарында бул метод андан ары улануу менен кеңири колдонулат. «Алиппе» мезгилинде окууга-жазууга үйрөтүү иштери бирдей жана жарыш жүргүзүлөт. Бала жаңыдан үйрөнгөн тыбыштарды кошуп окуп, сөздү, алардан түзүлгөн сүйлөмдөрдү муундап окуу иши үйрөтүлсө, ошол эле тыбыш жана тамгаларды туура, каллиграфиясы менен жазуу ишине жарыш түрдү үйрөтүлөт. Орустун улуу педагогу К. Д. Ушинскийдин методикасы боюнча окууда тамганын басмасы, жазууда тамганын жазмасын үйрөтүү системасы колдонулуп келүүдө. Ал эми сөздү окуганда тамганын атын ирети менен атап, муун боюнча окууга үйрөтүлөт. Мындай

окуу тамганы таштап, аттап кетпей же бир тамганы экинчи тамга менен алмаштырбай сабаттуу окууга көнүгөт. Бул туура окуунун алгачкы негизин, тактап айтканда, окуу техникасына машыктыруунун негизин түзөт. Ал эми окуганы жөнүндө аз да болсо, жалпылап, бара-бара тактап айтып берүү иши сезимдүү окууга багытталат. Ошондуктан сабат ачуунун биринчи күнүнөн баштап эле окуунун методикалык талабы боюнча жумушу колго алынат.

Окуу техникасы эне тилин окутуу методикасында баланы туура, шар, сезимдүү, көркөм окууга үйрөтүү функциясын аткарат. Окуу техникасына үйрөтүүдө туура көндүмгө ээ кылуу үчүн ар түрдүү ыкмаларды колдонуу талап кылынат. Ошондой эле улам жаңы өтүлүүчү тыбышка баланын турмушуна, түшүнүгүнө ылайыктуу, тилине жатык, так айтылуучу сөздөрдөн баштап окутуу ж.б. жумуштарын жүргүзүү колго алынат. Мисалы, 1-класстын «Алиппе» китебинде А жана Т тамгалары менен тааныштырууда жана тилдерин жатыктырууда ***ат, а-та, та, а-та ат,*** ал эми Б тамгасын өтүүдө ***ба, бо,бу, бат, бот, бут, ба-та, бо-то, бу-та, на-бат, ба-нан*** сөздөрү берилген [2]. Бул сөздөр балдардын турмушунда дайыма учураган, күндө сүйлөгөн активдүү сөздөр болгону менен маанилүү.

Дагы бир маанилүү учур, «Алиппе» мезгилинде окуунун түрлөрү боюнча да иш жүргүзүлөт. Бул мезгилдин аягында окуу техникасына көнүгүү боюнча окуучу төмөндөгү көндүмдөргө ээ болуусу керек:

- тамгаларды туура айтууга жана жазууга;
- сөздүн тыбыштык түзүлүшүн аныктоого, сөздүн тыбыштык курамын, сөздөн муун, муунду бөлө билүүгө;
- кесме тамгадан сөз түзүү менен, аны жаза билүүгө;
- тыбыштык курамды билүү, алардын жумшак жана каткалаң, созулма жана кыска болуп айтылуусуна ж.б.;
- үйрөнгөн тамгалардын баарын жатка билүүгө, аларды тыбыштары менен салыштырууга, ж.б. машыгып калышат.

«Алиппеден» кийинки мезгилде жүзөгө ашырылган иш-аракеттер улантылуу менен гана чектелбестен, аларга таянып, окууга үйрөтүү мезгили деп аталып, төмөндөгүдөй багытта иш алып барылат:

- окуу жана сөз өстүрүү, анын ичинде баланын байланыштуу кебин жана кеп маданиятын калыптандыруу;
- буга чейинки өздөштүрүлгөн фонетикалык-лексикалык жана грамматикалык материалдарды кайталап бекемдөө аркылуу, окууга, сүйлөөгө, жазууга машыгуу.

Ал мезгилде окуу техникасын жатыктыруу менен бирге аталган китептеги сунуш кылынуучу тексттердин маани мазмуну, тематикасы, жана жанрлары баланын айлана-чөйрөсүн чагылдырган жана мекенди таануудагы мүнөздөлгөн тексттерден тышкары, төмөндөгү багыттарда каралат:

- Текстти окуп, тилин жатыктыруу менен кеп маданиятын калыптандыруу, кебин өстүрүү максатында чакан ыр, аңгеме, жаңылмач, калптар, уламыштар жөнүндө айтылат;
- Окуучунун таанып билүүсүн, кабыл алуусун, тапкычтыгын, ой жүгүртүүсүн өстүрүүчү тексттер, табышмактар, ырлар, оюндар берилет;
- Адеп-ыйманга калыптандыруучу накыл кептер жана макал-лакаптар, учкул сөздөр, элдик оозеки чыгармалар жана эпостордон үзүндүлөр айтылат [3].

«Алиппе» мезгили бүткөндөн кийин, окуу жана сөз өстүрүү жумуштары ырааттуу башталат. Бул кезде окуучулар сөздү, сүйлөмдөрдү, тексттерди туура, муундап, ал эми айрымдары шар окууга жетишип калган болот. Бул учурда окуучулар кыска аңгемелерди, жомокторду, ырларды өз алдынча окуй баштайт. Мугалим окуучуларды окуган нерсесин түшүнүүгө, аны баяндап айта билүүгө даярдай баштайт.

«Алиппеден» кийинки мезгилдин милдеттери:

-окуунун муун-аналитикалык көндүмүн өркүндөтүү;

-окуучулардын билгичтиктерин теңдештирүү;

-көлөмү чакан тексттерди окууга жана талдоого машыктыруу;

-жазуу көндүмдөрүн бышыктоо;

-окуучулардын кебин өркүндөтүү боюнча иштерди жүргүзүү багыттары каралган.

Окуу иши окуу үчүн сүйлөө ишкердүүлүгү менен бирдикте жүргүзүлөт. Анткени бала китептеги сөздү, же текстти окуп коюу менен эле чектелип калбастан, окуганын бала түшүнүп, мындан кийин текстин эмне жөнүндө экендигин үстүртөн карап, кийинки мазмунуна үңүлүп айтып берүүгө аракет кыла баштайт.Окууда тыбыштык талдоо-жыйноо методу колдонулуп, балдар бат эле түшүнүп, шар окуп кете албагандыгы белгиленген.

Бирок практикада бардык эле окуучулар бул талаптарга жетише албаган учурлар кездешет. Өзгөчө, мүмкүнчүлүгү чектелген инклюзивдик окуучулардын жетишүүсү бир аз артта кала баштайт.

Ошондуктан деңгээли түрдүү окуучулардын окуу аракеттерин талдап көрсөк, төмөндөгүдөй болуп чыгат:

-айрым окуучулар сөздөр менен сүйлөмдөрдү шар окуганга жарап калат;

-айрым окуучулар сүйлөмдөрдү муундап окуганга араң үлгүрүшөт;

- айрымдары сөздөрдү бүтүн окуганга гана үлгүрүшөт;

-айрым тобу тексти так окууга жетишет.

Мындай учурда мугалим жекече мамиле жасоо аркылуу окутууга жана майда топторго бөлүү аркылуу иштөөгө басым жасашы керек [4].

Андай болсо мугалимге класс менен фронталдык түрдө жалпы талап коюп иштөөнүн да, окуучулар менен жекече иштөөнүн да жана да жупташып, топтошуп иштөөнүн да жол-жоболорун издөөгө туура келет. Кандай болгон менен, окуу курсу жалпы окуучулардын алдына бирдей милдет коет, ал учурда жалпы баары окуп-үйрөнүүгө сунушталган программалык материалдарды талаптагыдай өздөштүрүүсү зарыл. Тексттердин мазмуну боюнча алсак, «Алиппедеги» окуу жана сөз өстүрүү бөлүмү ич ара бир нече бөлүкчөлөрдөн турат. Анда бабаларыбыздын жомогу болгон «Манас» эпосунан үзүндүлөр, «Ата Мекен-алтын уя» деген темадагы жомок, аңгемелер, «Келгиле жомок окуйлу» деген рубрикада элдик жомоктор, «Сөз берметтери» деген ат менен берилген элдик накыл кептер жана «Сөз үйрөнүп алалы» деген аталыштагы, байкоого албаган айрым сөздөрдүн түшүндүрмө ыкмалары эң максаттуу берилген. Календардык планда көрсөтүлгөндөй, көпчүлүк тексттер окуп-сүйлөп берүү менен эле чектелбейт. Аларды өздөштүрүү оюн жана мелдеш сыяктуу иштер менен коштолот. Мисалы, «Манас» баатырдын төрөлүшү же « Кошой дөө менен Жолой дөөнүн күрөшү» деген үзүндүлөрдү сахналаштырып, же мелдеш түрүндө иштөө менен, “Баланы бешикке салгандагы ыр» деген ырды өтүүдө баланы бешикке салуу аземин сценка түрүндө, «Тушоо кесүү ырын» оюн түрүндө аянтта сахналаштырып өтүп, аз убакытта көп натыйжага жетүүнүн оптималдуу жолун тапсак, эң сонун натыйжа берери шексиз. Бул иш-аракеттер балдардын сөз байлыгын гана байытпастан, байланыштуу кебин өстүрүүгө да, адептик-ыймандык сапаттарын калыптандырууга да сөзсүз көмөк болмокчу. Андай болсо мугалим класста окуу сабагын кандайча уюштурат? Биринчи кезекте, окуучулардын текстти окуу активдүүлүгүн өнүктүрүү үчүн окуучулардын алдына чыгып үн чыгарып окуп жаткан окуучуну (ичинен) ээрчий окуп, анын кетирген катасын оңдоп-түзөп отуруусун, а ката кетирип окуган окуучу жолдошторунун эскертүүсүнөн соң тууралап кайра окуп жатыгуусун жарыш жүргүзүү да пайдалуу болору шексиз. Эгерде өз убагында окуучунун катасы оңдолуп-түзөтүлбөсө, анда ал тексттин да мазмунун түшүнбөйт, туура кабыл албайт, сөздүн маанисин да туура өздөштүрбөйт. Анын катасы күн сайын көбөйөт, окууга жоопкерчиликсиз мамилеси калыптана берет. Экинчиден, мугалим окуганы боюнча окуучуга суроо берип, ынанаарлык жоопторду алуусу, ал аркылуу тексттин мазмунун окуучунун түшүнө билип, өз оюу менен айтып берүүгө далалаттанып аракеттенүүсүн арттырса абдан пайдалуу. Бул кезде мугалимдин такай текшерүүсү, көз салуусу, ошону менен бирге, окуучулардын өзүн-өзү текшере билүүсү, өзүнүн окуганына баа бере алуусу көңүлдүн борборунда болуусу шарт. Окуу иши: тамгалап окуу, муундап окуу, шар окуу, түшүндүрүп окуу, көрктүү жана сезимдүү (образдуу) окуу болуп бөлүнөт [5]. 1-класстын окуучуларынан мына булардын бардыгын талап кылууга кыйын. Ошентсе да, муундап, шар, түшүндүрүп окуу, көрктүү, сезимдүү окуусуз окуу натыйжалуу болбостугу мугалимге маалым болууга тийиш. Жагдайга ылайык, мүмкүн болушунча окуучулардын мүмкүнчүлүгүнө жараша окуунун айрым

элементтерин талап кылууга, ага багыт берүүгө болот. Ал эми окуу ылдамдыгы башка көйгөй. 1-класстын окуучуларынан окуу ылдамдыгын максималдуу талап кылууга да жарабайт. Эске алуучу негизги жагдай-бул окуу техникасын өркүндөтүү менен бирге, сөз өстүрүү жумуштарын бирдикте алып жүрүү. Ал төмөндүгүдөй иш аракеттер менен жүзөгө ашат:

Текстти окуганга чейинки иштер:

- ырбы, аңгемеби, жомокпу, тамсилби, алардын жанрдык өзгөчөлүгүн түшүндүрүү;
- тексттин аты менен таанышуу;
- автор менен тааныштыруу;
- бейтааныш сөздөргө түшүнүк берип, маанисин чечмелөө;

Текст боюнча аткарылуучу иштер:

- текстти шар, көрктүү, сезимдүү, түшүндүрүп окуу;
- чынжыр түрүндө окуу;
- эпизоддорго бөлүп окуу;
- ролго бөлүштүрүп окуу;
- толук окуу.

Текстти окугандан кийинки аткарылуучу иштер:

- суроо-жооп менен үстүрттөн кайталоо;
- эпизод боюнча кайталап окуу;
- жалпы мазмунун кайталап окуу;
- жаттап, көрктүү айтуу;
- сценка түрүндө аткаруу;
- мелдеш, таймаш, оюн иштерин аткаруу;
- чыгармачыл бышыктоо.

Бул иштердин баары 1-класста балдардын байланыштуу кебин, андан ары кеп маданиятын калыптандырууга жумшалмакчы [6]. Мындагы иш-аракеттерди 1-класста эне тилин окутуу программасында төмөндөгүдөй белгилеп көрсөтөт: 1-класста эне тилин окутуу жана сабат ачуу кеп ишкердүүлүгүн өстүрүү багытында мүнөздөлүп, төмөндөгүдөй үч этапта берилет: алиппеге чейинки, алиппе мезгили жана алиппеден кийинки мезгил деп аталат.

«Алиппеге» чейинки мезгилде окуучулардын көңүлү оозеки кебин өстүрүүгө багытталат. Бул мезгилде бүтүндөй иш-аракеттер оозеки түрдө жүргүзүлөт. Мында окуучулар буюмдун атын айтып, айтылган сөздү туура угуп, аны кайрадан туура кайталап айтуу менен, берилген тамгаларды окуп түшүнө билүүгө, так айта алууга үйрөтүлөт. Максатка ылайык, бул этап төмөндөгүдөй аталыш менен берилет: «көрөбүз», «угабыз», «айтабыз» деген аталыш менен ачылат. Мында китепте берилген буюмдардын сүрөтүн көрүп, атын атап, же мугалимдин айтканын кунт коюп угуу менен кайталап туура айта билүү көндүмдөрүн өзүнө камтый алат. Мындагы бардык иш-аракеттер баланын чөйрөнү таанып-билүү көндүмдөрүн өстүрүү менен максатын алдыга умтулуусуна жол ачат. Окуу ишмердүүлүгүн тактап айтканда – алиппе мезгилиндеги аткарылуучу жана өркүндөтүлүүчү андан кийинки мезгилде колдонулуучу иш-аракеттердин негизи болуп саналат.Окуучулар китепте берилген тамгаларды үйрөнүп жана тыбыштарды кураштырып окуп, сөздүн ыргагына жараша муунга бөлүп, андан кийин шар окуп, ачык жана көркөм, образдуу окуу менен ишке ашыра алат.

Демек, тыбыштын артикуляциясына жараша туура так окуу менен сөздү, сүйлөмдөрдү байланыштырып чакан текстти окуу менен улантылат [7].

## Жыйынтыктар:

1. Башталгыч класстын окуучулары “Алиппе” мезгили жана алиппеге чейинки мезгилде окуу техникасын үйрөнүү менен тамга сөздүк сүйлөм тыбыштарды тааный алаары белгиленди;
2. Окуганын бала түшүнүүсү, андан кийин анын эмне жөнүндө экендигин үстүрттөн, кийинки мазмунуна үңүлүп айтып берери көрсөтүлдү;
3. Окуу техникасына үйрөтүүдө туура көндүмгө ээ кылуу үчүн ар түрдүү ыкмаларды колдонуу талап кылынат, тыбышта баланын турмушуна, түшүнүгүнө ылайыктуу, тилине жатык, так айтылуучу сөздөр пайдаланылды.

**Адабияттар тизмеси:**

1. **Рысбаев, С.К.** 1-класста "Алиппени" окутуу [Текст] / С.К. Рысбаев, Ч.Д. Бекбоева, Ч.И. Айдакеева. – Бишкек: Бийиктик плюс, 2017. – С. 3-15.
2. **Рысбаев, С.К.** 1-класс, "Алиппе" окуу китеби [Текст] / С.К. Рысбаев. – Бишкек: Учкун, 2020. – С. 22-29.
3. **Рысбаев, С.К.** Башталгыч класстардын программасы [Текст] / С.К. Рысбаев. – Бишкек: Билим, 2022. – 7 с.
4. **Осекова, Т.К.** Башталгыч класстарда кыргыз тилин окутуунун усулу [Текст] / Т.К. Осекова, Г.И. Колбаева. – Бишкек: Арип-пресс, 2019. – С. 61-63.
5. **Осекова, Т.К.** Башталгыч класстарда кыргыз тилин окутуунун усулу [Текст] / Т.К. Осекова. Г.И. Колбаева. – Бишкек: Арип-пресс, 2019. – С. 63-64.
6. **Рысбаев, С.К.** Башталгыч класстардын программасы [Текст ] / С.К. Рысбаев. – Бишкек: Билим, 2022. – С. 3-4.

DOI:10.54834/16945220_2023_1_141

Поступила в редакцию 10.10.2022 г.

**УДК:371.15 (-057.87)**

***Ысмайылов К. З.***
*ст. препод. Ошского государственного университета, Кыргызская Республика*

## БОЛОЧОК МЕДАЙЫМДАРДЫН КЕСИПТИК – ЭТИКАЛЫК КОМПЕТЕНТТҮҮЛҮГҮН КАЛЫПТАНДЫРУУНУН БАГЫТТАРЫ

*Бул жумушта изилдөөнүн предмети болуп медициналык колледждин студенттеринин кесиптик-этикалык компетенттүүлүгүн калыптандыруунун педагогикалык шарттары эсептелет. Изилдөөнүн максаты - болочок медайымдардын кесиптик – этикалык компетенттүүлүгүн калыптандыруунун багыттарын аныктоо, педагогикалык шарттарды теориялык жактан негиздөө жана эксперимент аркылуу текшерүү. Изилдөөлөрдө адабияттарга талдоо жүргүзүү, аларды салыштырып чыгуу, окуу процессине байкоо жүргүү методдору колдонулду. Сабак учурунда студенттер билимди жана көндүмдөрдү өздөштүрүүнүн негизинде компетенттүү кесипкөй адис болору ачып көрсөтүлдү. Изилдөөлөрдүн натыйжасында медайымдык иш боюнча адистерди даярдоо процессинде кырдаалдык тапшырмалардын жана диалог түзүү оюндарынын системасы иштеп чыгылды. Изилдөөлөрдө алынган жыйынтыктар медайымдык иш боюнча адистердин кесиптик- этикалык даярдыгын жогорулатууга багытталгандыгы тастыкталды. Ошондой эле, болочок медайымдардын руханий дүйнөсүн, адеп-ахлактык баалуулуктарын калыптандырууга өзгөчө маани бөлүнүп, бейтап менен бетме-бет отуруп субъективдүү жана объективдүү маалыматтарды чогултуу студент үчүн баарлашуунун эң маанилүү учурлары жөнүндө сунуштар берилген. Келечектеги медициналык кызматкерлердин ишмердигиндеги кесиптик-этикалык принциптер, палатадагы психологиялык атмосфера, оорулуунун маанайы, дарылоонун эффективдүүлүгү жана оорунун натыйжасы алардан көз каранды экендиги жөнүндө түшүндүрмөлөр жана сунуштар берилген.*

***Негизги сөздөр:*** *бейтап менен сылык мамиле; кайгысын жеңилдетүү; боорукер болуу; бейтапка жакшылык кылуу; тактык жана чеберчилик.*

## НАПРАВЛЕНИЯ ПРОФЕССИОНАЛЬНО-ЭТИЧЕСКОЙ КОМПЕТЕНЦИИ БУДУЩИХ МЕДИЦИНСКИХ СЕСТЁР

*В данной работе предметом исследования являются педагогические условия формирования профессионально-этической компетентности студентов медицинского колледжа. Целью исследования является определение направления профессионально-этической компетенции будущих медсестр,теоретическое обоснование и проверка этих педагогических условий экспериментальным путем. В исследованиях использованы методы анализа научно-теоретической литературы, сравнения и наблюдения за процессом обучения. Даны рекомендации, как студенты станут компетентными профессиональными специалистами на основе овладения знаниями и навыками в ходе урока. На*